**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**С.Н. Жапаровко**

«Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын торагасы, Жогорку Кенештин депутаты
**А.Т. Маткеримовко**

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум откоруу боюнча борбордук комиссиясынын торайымы
**Н.К. Шайлдабековага**

**КАЙРЫЛУУ КАТ.**

Урматтуу Садыр Нуркожоевич,

Сизге кайрылууга мажбур болгонубуздун себеби: 2022- жылдын 10-июлунда Ош шаардык Кенешине шайлоо болуп откон. Мыйзам талабына ылайык ар бир учунчу талапкер аялдардан турган «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын тизмеси тузулгон. Мыйзам талабын биз так аткардык. Бирок шайлоо буткон кундон баштап, биз ар бирибиз оз ыктыярыбыз менен тизмеден чыгуу боюнча арыз менен Ош АШКсына кайрылганбыз, чечим чыгаргандан кийин БШК чечимди ички иштер министирлигине- талапкерлерди коркутуп жаздырган деген шылтоо менен текшеруу учун жоноткон. Ош шаардык ички иштер болумундо сурак жургузушту. Биз озубузду милицияга барганда кылымышкер катары сезип уялып журдук. Ал кундор откон сон дагы арыз менен кайрылдык, бирок Ош АШКнын торагасы Алматов Б. БШК уруксат бербей жатат деген шылтоо менен ушул кунго чейин карабай журот. БШКнын торайымы Шайлдабекова Н.К.га ОШ АШКсы аркылуу видео кайрылуу жасадык, ушул кунго чейин кабар жок. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Шайлоо Кодексинде корсотулгон милдеттерди биз так аткарып жасасак, эмне учун ошол эле мыйзамдарда корсотулгон биздин укугубуз тебеленип жатат. Туштук менталитетин Сиз жакшы билесиз, бизде эркек киши уй булоодо жогору турат, тизмедеги аял- кыздар куйосунун, агасынын же атасынын сураныч менен тизмеге кошулган.

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-12/1156
«22» 04 2022 ж/г

Мындан кийин биз БШКсына да, Ош АШКсына да барбай турган болдук, бирдеме болсо эле «депутат болосузбу, документтеринизди алып келиниз дейт, жок десен анда кийинки талапкерге уруксат бересизби» деген суроолордон тажадык, бул жонундо ОШ АШКсына эскертип айттык.

Оз ыктыяры менен арыз жазып тизмеден чыгууга мыйзам жол берет, биз мыйзамга каршы келе турган иш жасабадык.

Ош АШКсынын торагасы Алматов Бакыт деген жигит болсо БШК тарапты карап эле мен озум чече албайм, эжеден уруксат керек деп олтурат.

Биздин берген арыздар жана видео кайрылуулар боюнча борбордук шайлоо комиссиясынан жыйынтык чыкпаган сон, Сизге кайрылууга аргасыз болдук.

Сизден чоон сураныч, биздин арызыбызды чечип беруугo жардам бериниз.

Сизди урматто менен:

**«Ата-журт Кыргызстан» саясий партиясынын**

**тизмесинен 28 талапкер.**

Талапкерлердин атынан:
Абдикеримова Б.

0773 518320. Бекмурзаев
Таалболот.